**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Окуу бөлүмүнүн башчысы

_______________ Ж.Ж.Усубалиева

"_5_" _09_ 2025 г.

**БЕКИТЕМИН**

Академиялык иштер боюнча проректору

_______________ К.О.Омурова

"__" _09_ 2025 г.

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ТАРЫХЫ» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

1. Жумушчу программа КР ББжИМнин 2015-жылдын 15-сентябрындагы №1179/1 Буйругу менен бекитилген 550400 – Социалдык экономикалык билим берүү даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. Жумушчу программаны түздү.

Тарых илимдеринин кандидаты, Проф.м.а. ________________ (колу) Эсеналиева Г.Ө.

3. Тарых, философия жана СЭО кафедрасынын 20_0_-жылдын «_25_» _август_ №_1_ протоколу менен жактырылган.

Кафедра башчысы философ илимдеринин кандидаты, доцент ________________ (колу) Иманалиев С.С.

4. Педагогика факультетинин кеңешинин отурумунда 20_20_-жылдын «_28_» _август_ №_1_ протоколу менен жактырылган.

Факультеттин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу ________________ (колу) Бектурова Эмиля Орозбековна

## 1. АННОТАЦИЯ

«Эл аралык мамилелердин тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.18.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 120, аудиториялык сааттар – 48, анын ичинде дарс – 24, семинардык сабак – 24 саатты түзөт. Ал эми 72 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс 6-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн саattарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (саатта рда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестация лоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.1.18 | 6 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 56 | Экзамен |

**Кыскача мазмуну:**

Эл аралык мамилелердин тарыхы предмети (ЭМТ) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде Тарых жана социалдык – экономикалык билимдер боюнча өтүлүүчү сабактардын мазмунун толуктап турат.

Тарыхый билим алууда эл аралык мамилелердин тарыхын окуп үйрөнүү да өзгөчө мааниге ээ. Анткени, ар бир мамлекет бири- биринен обочолонгон абалда өнүкпөйт.Баардык мамлекеттер өзүнүн өнүгүүсүндө жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен экономикалык, саясий, маданий, диний, согуштук- стратегиялык ж.б. багыттардагы мамилелерди түзүү аркылуу өнүгөт. Бул курста студенттер эл аралык мамилелердин системаларынын калыптануу мыйзам ченемдүүлүгүн жана анын эволюциясын билишет. Эл аралык мамилелердин өнүгүүсүн үйрөнүшөт. Курста дүйнолүк согуштарга баа берилет, согуш жана тынчтык маселелери талкууланат. Эл аралык мамилелерди окуп үйрөнүүдөгү негизги теориялык мектептерге салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт. Дүйнөлүк аренадагы глобалдашуу жараяны аныкталат.

Эл аралык мамилелердин тарыхы предмети башка илимдер менен да тыгыз байланышта өнүгүп келе жатат. Алсак, мектеп окуучуларынын дүйнөнү таанып билүүдөгү ой жүгүртүүлөрүн, тарыхый баалулуктарга болгон көз-карашатарын билүү боюнча философия илимине, бийлик жана башкаруу системаларына байкоо жүргүзүүдө саясат таануу илимине, ал эми мамлекеттердин кызыкчылыктарын аныктоодо экономика илимдерине таянат.

Адамзат коомунун өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүүлүктөрдү,конфликт жана коопсуздук маселелерин аныктоодо тарых жана коом таануу илимдери менен тыгыз байланышта өнүгөт.

Демек, эл аралык мамилелердин тарыхы предмети социалдык-экономикалык билимдердин мазмунун өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү менен практикалык кызмат аткарат.

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Предметтин максаты:**

Эл аралык мамилелердин тарыхы курсунун эл аралык мамилелер илиминин тармагындагы дициплиналык рамкасын белгилөө,бул тармактагы негизги түшүнүктөр жана аныктамалар, теориялык көз караштар жана эл аралык мамилелердин тарыхы , колдонуу сферасы жана функциялык структурасын изилдөө негизинде эл аралык мамилелер тармагына тиешелүү маалыматтарды берүүнү максат кылат.

Коомдо дайыма өнүгүүгө жана билим алууга даяр болгон социалдык-экономикалык билим беруу багыты боюнча билим алып жаткан студенттерди эл аралык мамилелер жөнүндөгү тарыхый билимге ээ кылуу.Курсту окутуунун жалпы натыйжасы коомдук илимдер тарабындагы адистерди керектуу болгон жөндөмдөргө, көндүмдөргө ээ кылуу.Анткени бүтүрүүчүлөр үчүн педагогикалык

кесиптен тышкары, уюштуруучулук- башкаруучулук жана кесиптик өнүгүү сыяктуу ишмердүүлүктөр менен алектенүү мүмкүнчүлүгү бар.

Дүйнөнүн тездик менен өзгүрүп жаткан шартында студенттердин социалдык мобилдүү болуусуна өбөлгө түзө турган, эл аралык процесстерди жана көйгөйлөрдү билүү жана түшүнүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болгон адистерди калыптандыруу.

Предметтин милдеттери:

- ✓ Эл аралык мамилелердин теориясын,концепциясын студенттерге билдирүү жана түшүндүрүү;
- ✓ Эл аралык мамилелер системасынын негизги этаптарынын эволюциясын ачып берүү,түшүндүрүү;
- ✓ Негизги эл аралык мамилелердеги негизги маанилүү окуяларды белгилөө;
- ✓ Эл аралык мамилелердеги негизги маанилүү окуяларды белгилөө,талдоо жана баалоо;
- ✓ Эл аралык мамилелердин тарыхындагы урунттуу даталар менен тааныштыруу;
- ✓ Тарыхтагы эл аралык бирикмелерди жана уюмдарды таанытуу,эл аралык мамилелердеги алардын ролун түшүндүрүү, талдатуу жана баалатуу;
- ✓ Эл аралык мамилелердеги конфликтерди жана коопсуздук маселелерин түшүндүрүү;
- ✓ Тарыхый негизги инсандарды жана алардын эл аралык мамилелерге тийгизген таасирин көрсөтүү, түшүндүрүү жана баалатуу;

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Эл аралык мамилелердин тарыхы » дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.18.) орун алган.

Эл аралык мамилелердин тарыхы предмети жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутулган дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы, Адам жана коом (жаран таануу) предметинде калыптанган билим билгичтиктер, көндүмдөргө таянат. Предметтин пререквизити катары Кыргызстандын тарыхы жана жалпы дүйнөлүк тарых багытындагы предметтери эсептелет. Эл аралык мамилелердин тарыхы предметинин паралелдери кыргыз мамлекеттүүлүгүн тарыхы, жаны жана сонку жаны тарых предметтери. Бул типтүү программанын структурасы жана мазмуну жогоруда аталган тарых жана интегративдик курстарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутууда көмөкчү предмет катары теориялык жана практикалык мүнөздөгү материалдарды камтыйт. Типтүү программа 550400 Социалдык-экономикалык билим берүү багытындагы бакалавр даражасында билим алып жаткан студенттерге окуу-методикалык жактан жардам берет

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптындырылган компетенциялар**

| Код | | Кредит | Семестр | Компетенциялар |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.2.1.1. | Алгачкы коомдун тарыхы | 4 | 2 | ЖИК-1; КК-10; КК-11; |
| Б.3.2.1.2. | Байыркы дүйнөнүн тарыхы | 6 | 2-3 | ЖИК-1; СИЖМК-1; КК-6; КК-11. |
| Б.3.2.1.3. | Орто кылымдар мезгили | 8 | 3-4 | ЖИК-1; СИМК-1; КК-5; КК-8; КК-11; КК-17; |
| Б.3.2.1.14. | Адам жана коом | 2 | 4 | ЖИК-1; ; СИЖМК-1; СИЖМК-5; КК-14; КК-15; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | КК-16; |
| Б.3.2.1.16. | Дин таануу | | | ЖИК-1;ИК-5; СИЖМК-1; КК-10; КК-11; КК-12; |
| Б.3.2.1.9. | Россиянын тарыхы | 6 | 5-6 | ЖИК-5; КК-12; КК-17; |

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550400** социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), жалпы кесиптик (ЖКК) жана (КК) кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Эл аралык мамилелердинн тарыхы” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

## 4.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### 4.1. Калыптандырылуучу компетенциялар жана күтүлүүчү натыйжалар

**3-жадыбал**

| **Компетенциянын коду** | | **НББП өздөштүрүү жыйынтыгы Компетенциянын мазмуну** | **Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар** |
|---|---|---|---|
| **Жалпы илимий компетенция** | **ЖИК-1** | курчап турган чөйрө тууралуу бүтүндөй илимий билимдерге ээ болот, азыркы мезгилдеги дүйнөнүн көрүнүшүнүн өнүгүү концепциясын жаратылыштагы жана коомдогу адамдын орду жана ролу тууралуу көз караштардын системасын түшүнөт, маданий турмуштун баалуулуктарына таянууга жөндөмдүү | ***Билет:*** адам, коом, жаратылыш бир бүтүндүк экендигин, коомдогу адамдын орду жана ролу тууралуу көз караштардын системасын түшүнөт.<br>***Колдоно билет:*** маданий турмуштун баалуулуктарына таянууга жөндөмүн калыптандырат |
| **Социалдык-инсандык жана жалпы маданий** | **СИЖМК-1** | -атуулдук активдүү позицияда болууга, жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгөжөндөмдүү жана даяр; | ***Билет:***<br>• жарандык демократиялык коомдун дөөлөттөрүнүн негизиндеги диалогду жана активдүү жарандык турумду;<br>***Колдоно билет:***<br>• жарандык демократиялык коомдун дөөлөттөрүнүн негизинде диалог курууну жана активдүү жарандык турумду ээлөөнү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кесиптик компетенция** | **КК-11** | тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнөт, тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун билет<br>***Колдоно билет:*** тарыхый жараяндагы жана саясий чөйрөдөгү кыймылдаткыч күчтөрдү ажыратып көрсөт жөндөмүн калыптандырат |
| | **КК-12** | тарыхый процесстерди талдаганда цивилизациялык мамиленин элементтерин колдонот, тарыхый фактыларды талдаганда да, алардагы себеп-натыйжалык байланыштарды колдонууга жөндөмдүү; | ***Билет:***<br>тарых илиминин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн; үйрөнүлүп жаткан тарыхый билимдин мазмунун; тарыхый мезгилдин терминологиясын аныктап, мезгил бирдиктериндеги айырмачылыктарды таба билет.<br>***Колдоно билет:***<br>• тарых илиминин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн колдонууну;<br>• тарыхты түшүндүрүүнүн цивилизациялык жана материалисттик өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуу стратегиясын курууну;<br>• кесиптик ишмердүүлүктө тарыхый фактыларды көбүрөөк колдонууну; |
| | **КК-13** | тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый фактыларды талдоодо, себеп жана натыйжалык байланыштар болоорун түшүнөт.<br>***Колдоно билет:*** кесиптик ишмердүүлүгүндө себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтө алат |
| | **КК-17** | дүйнөлүк саясат жана эл аралык мамилелер туурасында билет, мамлекет жүргүзүп жаткан тышкы саясатынын маңызын түшүнүү жөндөмдөрүнө ээ болот | ***Билет:***<br>• тарых илиминин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн;<br>• коомдук саясый уюмдардын маңызы жана формалары жөнүндө;<br>• эл аралык коомдук-саясый уюмдарды;<br>• тарыхый маалыматтарды талдайт;<br>• Чет олколорунун орто жана сонку доордогу тарыхындагы соуиалдык-экономикалык саясий өзгөчөлүктөрдү, аталган доорлордогу эл аралык мамилелердин калыптануусун билет.<br>***Колдоно билет:***<br>• тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрүн колдонууну;<br>• эл аралык мамилелердеги тышкы саясаттын багыттарын колдонууну; |

Бул дисциплинаны окугандан кийин студент, адистиги боюнча курстук иштерде, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды, анализдөөнү, окуяларды бири-бири менен салыштырууну үйрөнө алат жана ошондой эле мектептерге барганда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү үйрөтө алат.

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү

**4-жадыбал**

| Окуу ишинин түрү | Сааттардын көлөмү |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 120 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 64 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 32 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 56 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 34 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 20 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет. | |

### 5.2.ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТАРДЫН КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

| № | Бөлүмдөр жана темалар | Лекция | Семинардык сабак | СӨИ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Эл аралык мамилелер жана анын маңызы. Дүйнөлүк саясат жана анын манызы. | 2 | 2 | 4 |
| 2 | Эл аралык мамилелер жана тышкы саясат жөнүндөгү байыркы дүйнөдөгү жана орто кылымдардагы ой жүгүртүүлөр. | 2 | 2 | 4 |
| 3 | Жаңы мезгилдеги европалык саясий мектептердеги эл аралык мамилелер жөнүндөгү концепциялар. | 2 | 2 | 4 |
| 4 | Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү геосаясий багыттар. Америкалык геосаясат. | | | 4 |
| 5 | Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү саясий идеализм. Эл аралык мамилелерди изилдөөдөдөгү саясий реализм. | 2 | 2 | 2 |
| 6 | З.Бжезинскийдин геосаясий концепциясы. И.Валлерстайндын “дүйнө-системасы” концепциясы жана эл аралык мамилелердин өнүгүү перспективасы. | 2 | 2 | 2 |
| 7 | Эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасы(1648-1991-жж.) XVIIк. башындагы-XIXк. эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасынын ичиндеги англо-франциялык атаандаштык. | 2 | 2 | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Ялталык-Потсдамдык подсистема(1945-1991-жж.) Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери, Дүйнөлүк саясатта | 2 | 2 | 2 |
| 9 | Азыркы эл аралык мамилелердин калыптанышынын негизги тенденциялары. | | | 4 |
| 10 | Сонку жаңы мезгилдеги карама-каршылыктардын тенденциясы:бир полюстуу дүйнө жана көп полярдуу система. | | | 4 |
| 11 | 20-21кылымдар аралыгындагы дүйнөлүк экономиканын полиборборлоштурулушу. Россиянын азыркы учурдагы тышкы саясий концепциясынын калыптанышы. Азыркы Россиянын геосаясий абалы. | | | 4 |
| 12 | 21-кылымдын башындагы эл аралык мамилелердин өнүгүү перспективасы. Эл аралык интеграция түшүнүгү жана анын маңызы. | 2 | 2 | 2 |
| 13 | Эл аралык маилелер системасындагы эл аралык уюмдардын орду. БУУ эл аралык мамилелердин системасында. | 2 | 2 | 2 |
| 14 | Дүйнөнүн Батыш бөлүгүндөгү интеграциялык процесстер. Дүйнөнүн Чыгыш бөлүгүндөгү интеграциялык процесстер. | | | 2 |
| 15 | КМШ өлкөлөрүндөгү интеграциялык жана дезинтетрациялык процесстер. | 2 | 2 | 2 |
| 16 | Борбор Азия региону азыркы эл аралык мамилелердегикалыптанып келе жаткан субъект катары. | | | 2 |
| 17 | 21-к.башындагы Борбордук Азия мамлекетеринин өнүгүүсүнүн тышкы саясий приоритети. Дүйнөлүк энергоресурстар жана БА мамлекеттеринин келечеги | 2 | 2 | 2 |
| 18 | Азыркы мезгилдеги эл аралык конфликтер жана алардын изилдениши. Эл аралык конфликтерди жөнгө салуу ыкмалары. Эл аралык кыймылдар:антиглобалдык жана аялдардын, студенттердин кыймылдары. | 2 | 2 | 4 |
| | ЖАЛПЫ | 24 | 24 | 48 |

**Киришүү.**
Саясий илимдин объекти жана предмети.

Саясий илимдин объекти.Коом, өлкө, мамлекет түшүнүктөрү.Коомдун саясий жөнүндө түшүнүк.Коомдун саясий чөйрөсүнүн структуралык-логикалык системасы. Саясий илимдин предмети.

Эл аралык мамилелер жана анын маңызы.
Эл аралык мамилелер (ЭАМ) түшүнүктөрү. Эл аралык мамилелердин негизги өзгөчөлүктөрү. Эл аралык мамилелердеги статикалык процесстер жана субъективдүү факторлордун ролу. ЭАМдин классификациясы.Эл аралык мамилелердин денгээлдери.

**Дүйнөлүк саясат жана анын маңызы**.

Саясат түшүнүгү. Саясаттын классификациясы . Дүйнөлүк саясат эл аралык мамилелердин ядросу катары.Дүйнөлүк саясаттын калыптанышы. Дүйнөлүк саясаттын негизги субъектилери. Эл аралык мамилелер жана тышкы саясат жөнүндөгү байыркы дүйнөдөгү ой жүгүртүүлөр. Байыркы ойчулдар тышкы саясат жана мамлекеттер аралык мамилелер жөнүндө.Кытайдын традициялык тышкы саясаты.

**Жаңы мезгилдеги европалык саясий мектептердеги эл аралык мамилелер жөнүндөгү концепциялар.**

Тышкы саясат жана эл аралык мамилелер жөнүндөгү Никколо Макиавеллинин көз караштары. Голландиялык гуманист Эразм Ротердамскийдин тышкы саясат концепциясы жана принциби. Гуго Гроцкий эл аралык укуктун алгачкы теоретиги. XVII-XVIII-кылымдардагы франциялык саясий ойчулдардын мектебинин калыптанышы.Эмерик Крюсенин идеялары жана сунуштары.Шарл-Ирине де Сен-Пьердин конфедеративдик мүнөздөгү эл аралык уюмдуу түзүү идеясы жана анын дүйнөлүк өкүмөттү түзүү позициясы.Томас Гоббстун коомдун табийгый акыбалы жөнүндөгү концепциясы. XVIII- XIX- кылымдагы иеримия Бентамдын эл аралык мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүү планы.Немец философу Иммануил Канттын түбөлүк тынчтыкта жашоо планы.

**Марксизм жана эл аралык мамилелер.**

Карл Маркс менен Ф.Ф.Энгельстин эл аралык саясатка болгон көз караштары.Дүйнөлүк саясат менен дүйнөлүк рыноктун байланышы.Таптык күрөш, пролетардык социалсттик революция теориясы.
В.И.Ленин марксизмдин теориясын улантуучу жана практикалык ишке ашыруучу катары. Лениндин империализм жана дүйнөлүк революция теориясы жана анын ишке ашырылышы.

**Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү геосаясий багыттар.**

19-20- кк. Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү геосаясий багыттардын калыптанышы.Мамлекеттердин жана элдердин саясий жашоосу менен географиялык чөйрөнүн ортосундагы көз карандылыктар жөнүндөгү идеянын өнүгүшү. Рудольф Челлен жана геосаясат түшүнүгү.

Англиялык геосаясат.Хальфорда Маккиндердин идеялары:”Дүйнөлүк арал” түшүнүгү. “Хартленд” жана “санитардык кардон” жөнүндөгү идеялары.

Германиялык геосаясат.Германиянын тышкы саясатынын мүнөзү.Карл Хаусхофердин “жашоо мейкиндиги” түшүнүгү. Континенталдык жана деңиздик мамлекеттердин ортосундагы карама-каршылыетар жөнүндөгү идеясы.

**Америкалык геосаясат.**

А.Мэхен Америкалык геосаясий мектептин негиздөөчүсү.Деңиздик державалардвын өзгөчө орду тууралуу идеясы.Николас Спайкмендин Римденд тууралуу окуусу жана анын постулады.Американын дүйнөдөгү өзгөчө орду тууралуу Николас Спайкмендин идеясы. С.Коэндин геостратегиялык жана геосаясий региондор жөнүндөгү идеялары.

Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү саясий идеализм.
САясий идеализм мектебинин калыптанышы.Тынчтыкты орнотуунун принциптери: эл аралык уюмду, жамааттык коопсуздук системасын түзүү, коомдук ой пикирди пайдалануу.

Вудро Вильсондун идеалары, христиандык моралдык принциптери жана практикалык иш аракеттери. Дүйнөдөгү алгачкы универсалдык уюм- Улуттар Лигасынын түзүлүшү. Саясий идеализмдин кризиси.

.Эл аралык мамилелерди изилдөөдөдөгү саясий реализм.

Саясий реализмдин калыптанышы.Ганс Моргеитаунун концепциясы. “Улуттук кызыкчылык” жана “улуттук күч” түшүнүктөрү.Негизги туруктуу кызыкчылыктар жана убактылуу туруксуз кызыкчылыктар.Улуттук кызыкчылыктардын структурасы.Эл аралык мамилелердеги укук менен алардын ролу жана орду. Саясатта аларды аларды колдонуунун тартиби.

**Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү модернистик багыт.**

Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү модернистик багыттын пайда болуу себептери.

Эл аралык мамилелердин универсалдуу жалпы бир теориясын иштеп чыгууга багытталган.Ч.Маккелеландын аракеттери.Эл аралык мамилелердин системасы.”Көз каранды” жана “көз каранды эмес өзгөчөлүктөр” түшүнүктөрү.

Джеймс Розенау. Тышкы саясатка таасирин тийгизе турган негизги факторлор.Индивидуалдык, ролдук, өкмөттүк факторлор,”коомдук өзгөрүүлөр” жана системалык өщгөрүүлөр факторлору.

**Эл аралык мамилелерди изилдөөдөгү неолибералдык концепциялар.**

Транснационализм концепциясынын калыптанышы.Р.Ксохэйн, Дж.Найдын кээ бир өлкөлөр ортосундагы көз карандылыктардын күчөгөндөгү жана эл аралык мамилелерде мамлекеттин негизги субекттик ролунун солгундаганы тууралуу идеялары.Мамлекеттер аралык мамилелерде жаңы байланыштардын пайда болуусу.Транснационализмдин реалистик жана идеалистик көз караштарды биримдикке келтирүүгө жасаган аракеттери.Эл аралык мамилелердин өнүгүүсүндөгү жаңы тенденциялар. Трансгационалистердин “Дүйнөлүк мамлекетти” түзүү тууралуу либералдык жобосу.

**Неореализм концепциясынын калыптанышы жана өнүгүшү.**

Неореализм концепциясынын бекемделиши. К.Уолцтун “Эл аралык саясаттын теориясы” чыгармасы. Неореализмдеги жаңылануу процесси.неореалисттер эл аралык мамилелерде согуштук факторлордун төмөндөгөндүгү, экономикалык жана социалдык факторлордун жогорулагандыгы тууралуу. Саясат таануучу Д.Болдуиндин неореалистер менен неолибералдардын айырмасы жөнүндөгү идеялары.

**С.Хантингтондун цивилизациялардын кагылышы” концепциясы.**

Дүйнөлүк саясаттагы реалдуу жана радикалдуу өзгөрүүлөр.Дүйнөнүн саясий картинасынын тез өзгөрүшү.Саясий илимий ой жүгүртүүдөгү кризис.Эл аралык мамилелердеги өзгөрүүлөрдү түшүндүрүүгө болгон аракеттер.

Френсис Фукуяманын “Тарыхтын аягы” чыгармасы. Хантингтондун “Цивилизациялардын кагылышуусу” концепциясы. Цивилизациялык факторлордун туруктуулугу жана күч алуу себептери.Цивилизациялык фактордун дүйнөлүк саясатка тийгизген таасири. “Боордош өлкөлөр” синдромунун пайда болуусу.

**З.Бжезинскийдин геосаясий концепциясы.**

Бжезинскийдин антироссиялык позициясы.Анын геосаясий вакуумдун пайда болуусу жөнүндөгү ойлору жана геосаясий принциптери.АКШ үчүн постсоветтик Россиянын империя катары калыптануу коркунучу. Украинаны Россиянын геосаясий каршылашы катары өнүктүрүү идеялары.

**И.Валлерстайндын “дүйнө-системасы” концепциясы жана эл аралык мамилелердин өнүгүү перспективасы.**

Валлерстайндын эл аралык саясаттын негизги детерминанты катары экономиканы эсептөөсү. “Экономика дүйнөсүнүн” пайда болуу болжолу.”Дүйнө-системасынын” туруктуулугу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр.Капиталистик “Экономика -дүйнөсүнүн” “ядрого” жана “периферияга” бөлүнүшү.”Ядро” мамлекеттеринин “периферияга” карата өзгөчө абалы.

Жарым периферриялык мамлекеттер.Россиянын дүйнөлүк аренадагы орду жана ролу. Дүйнөнүн келечегине карата Валлерстайндын прогнозу.

**Эл аралык мамилелердин системасынын тарыхый типтери.**

Эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасы(1648-1991-жж) 17-кылымдын башындагы -19-к. Эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасынын ичиндеги англо-франциялык атаандаштык.Веналык подсистема (1815-1856-жж.).Париждик подсистема (1856-1918-жж.) . Версалдык-Вашингтондук подсистема(1919-1939-жж.).Ялталык-Подсистема жана Сан-Францисколук подсистемалар(1945-1991-жж.).

**Эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасы(1648-1991-жж.)**

Отуз жылдык согуштан кийинки мезгил. Саясаттан конфессиялык фактордун четтетилиши, денлеологизацияланышы . Жаңы шарттагы мамлекеттик аралык байлананыштар.Вестфалдык системанын негизги принциптери. Улуттук кызыкчылыктын приоритети. Күч балансы идеясы. Мамлекеттердин- улуттун приоритети. Мамлекеттик суверенитет принцибинин киргизилиши. Малекеттердин ички иштерине кийлигишпөөнү талап кылуу укугу. Мамлекеттердин тең укуктуулугу. Кол коюлган келишимдерди аткарууга милдеттүүлүк. Эл аралык укукту жана эл аралык мамилелерде дипломатияны пайдалануу принциптери.

**17 к. башындагы-19-кк. Эл аралык мамилелердин Вестфалдык системасынын ичиндеги англо-франциялык атаандаштык.**

Европа мамлекеттериндеги экономикалык жана колониялык факторлордун маанисинин өсүшү.Англиялык-Голландиялык атаандаштык жана анын натыйжасы.Испаниялык – Франциялык – Голландиялык карама-каршылыктардын түйүнү.Франциянын күч алышы.Европа мамлекеттеринин саясатындагы Франциялык фактор .Аугсбург лигасынын калыптанышы жана анын Франция менен болгон күрөшү.”Испаниялык мурас” маселеси, согуштун башталышы жана анын негизги этаптары. Утрехт жана Раштад тынчтык келишимдери.Европада күч балан

**Ялталык-Потсдамдык подсистема(1945-1991-жж.)** Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери, Дүйнөлүк саясатта

системанын калыптанышы. “Кансыз согуштун” башталышы.БУУнун түзүлүшү. СССРде жана АКШда кийинчерээк Великобритания, франция жана Кытайда ядролук куралдын пайда болушу. 1962-ж.кариб кризиси. “Жумшак” бир ыктыярдыкка өтүү. 1960-70-жж.колониялык системанын кыйрашы. “Үчүнчү дүйнөнүн” жаралышы. 1980-ж. Нефти кризиси. СССРдин экономикасынын начарлашы. 1988-ж. Батыш европанын социалисттик өлкөлөрүндө демократиялык процесстин башталышы. Варшава келишими уюмунун жана Экономикалык кызматташтык советинин бөлүнүшү.Германиянын биригиши. 1990-ж. ССРдеги демократиялык процесстер. СССРдин кулашы.Ялталык- Потстамдык подсистеманын кризиси жана кыйрашы.

**Азыркы эл аралык мамилелердин калыптанышынын негизги тенденциялары.**

Дүйнөлүк саясатта – постбиполярдык структуранын калыптанышы.Вестфалдык системанын акыркы 100 жылдагы кризистик абалы. Суверендик мамлекеттердин трансформацияланышы.Мамлекеттик коопсуздук маселесинин курчушу.ЭА терроризм, жарандык конфликтердин интернационалдашы, массалык миграция, экологиялык дис- баланс ж.б. коркунучтар.Азия жана Африка өлкөлүрүндөгү коркунчтар. Көз карандысыздыкка умтулган мамлекеттердин көбөйүшү.

Дүйнөдө өз ара байланыштардын жана көз крандылыктардын күч алышы. Эл аралык жамааттык коопсуздук түшүнүгү.Дүйнөдө бир полярдуулук структуранын калыптанышы. 2003-ж. Американын Ирактагы, 2008-ж. Косоводогу жана 2011-ж. Ливиядагы саясаты.

**25-тема.Жаны дүйнөлүк тартип жана анын авторлору.**

СССР жана чыгыштык блок кулагандан кийики мезгил.Дүйнөлүк тартиптин өзгөрүшү.Бирдиктүү башкарылуучудүйнөнү түзүү.идеясынын эволюциясы. Универсалдуу

баалуулуктары менен гуманистик бирдиктүү коомду куруу концепциясы.Мондиализм жана дүйнөдө жаңы тартипти орнотууга болгон аракеттер.

**Дүйнөдөгү мондиализмдин негизги борборлору.**

Мондуализдин маңызы:Либералдык демократиянын жайылышы жана глобализм. Мондиалистик кыймылдын каржылык булактары. Дйндг мондиализмдин негизги борборлору жана алардын максаты.Америкалык банкир Моргандын эл аралык мамилелер боюнча Кеңеши.Бильдербергский клубу, Үч тараптуу комиссия, көрүнүктүү мондиалист- саясатчылар-Девид Рокфеллер, Збигиев Бзежинский жана Генри Кессингер.

**Мондиализмдин белгилүү концепциялары.**

Концепция жана анын жактоочулары. Гоэкономика концепциясы жана анын түзүүчүлөрү-Жан Атали жана Француа Шеберан.Экономикалык тартылуунун үч борбору-Америка, Евросоюз жана АТР.Мондиалистик саясий чөйрөдөгү футуристикалык концепциялар, Френсис Фукуяманын келечекте өнүүгүнүн оптимистик сценарийи.Хатингтондун пессимистик божомолу.

**Сонку жаңы мезгилдеги карама-каршылыктардын тенденциясы:бир полюстуу дүйнө жана көп полярдуу система.**

Чыгыштык блоктун кыйрашы-жалпы дүйнөлүк бааластын бузулушунун булагы.Өлкөлөрдүн өзун жаңыча көрсөтүүгө жасаган аракеттери.Россиянын спясий мүмкүнчүлүктөрү жана экономикалык көйгөлөрү.АКШнын улуу державалык мүмкүнчүлүгү жана экспанциялары.Персия куймасындагы,Югославиядагы,Косоводагы согуштар.Иракка чабуул жана Саддамдын режимин кулатуу.

**20-21кылымдар аралыгшындагы дүйнөлүк экономиканын полиборборлоштурулушу.**

Катуу биполярдык экономиканын бузулушу.Экономикалык жаңы борбордун калыптанышы.Евросоюздун саясий-экономикалык консолидацияланышы.Жапониялык экономикасындагы өнүгүүлөр.Эл аралык регионалдык уюмдардын (ОПЕК, АСЕЛИ) түзүлүшү жана алардын таасири.Коп полярдуу экономиканын өнүгүшү.

**Россиянын азыркы учурдагы тышкы саясий концепциясынын калыптанышы.**

Россиялык эл аралык мамилелердин Горбачевдун саясатындагы катачылыктары.Идеологиялык тышкы саясаттан баш тартуу жана “Элдик саясатка” бет алуу.СССР менен Түштүк Кореянын ортосундагы дипломатиялык мамилелер.1991-ж.Жапонияга алгачкы иш сапар.Тайван менен мамилелешүү. Америка менен болгон саясий сүйлөшүүлөр .Мурунку каршылыктар менен болгон шашылыш жана ойлонлбаган жакындашуулар.Россия Б.Ельциндин тушунда.Чек араны демаркациялоо.Кытай менен келишимдер.

**Азыркы Россиянын геосаясий абалы.**

Россиянын дүйнөдөгү өз абалын оңдоо жана жаңы статусун бекмдөө милдеттери.Геосаясий күчүн турукташтыруу жана бекмдөө планы.Экономикалык, демографиялык  кризистен чыгууга жасалган аракеттер.Күч дараметинин тең салмаксыздыгы.

**21-кылымдын башындагы эл аралык мамилелердин өнүгүү перспективасы.**

Глобалдашуунун дүйнөлүк булактары.АКШнын “гуманитардык интервенциясы” Евросоюз эл аралык мамилелерде. Түштүк-Чыгышь Азия мамлекеттери.Азыркы Кытай жана Жапония, алардын өз ара мамилелери. Россия жана анын өнөктөштөрү.

**Эл аралык интеграция түшүнүгү жана анын маңызы.**

Интеграция түшүнүгү. Эл аралык регионалдык интеграция.Интеграциялык процесстин формалары жана өнүгүү этаптары.ЕСдун экономикалык жана валюталык союзу.Европалык эркин соода  ассоциасы.Европалык кенеш. Европалыкм парламенттин кызматы.Европалык

комиссия. Евросоюздун келечегин баалоо.ЕСдун конституциялы.ЕСтин башка башка мамлекеттер менен болгон мамилеси.

**Эл аралык маилелер системасындагы эл аралык уюмдардын орду.**

Эл аралык уюмдардын жана алардын мүнөздөмөсү.Эл аралык уюмдардын пайда болушу жана өнүгүү динамикасы.Бреттон-Вулдук система.

**БУУ эл аралык мамилелердин системасында.**

Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүшү,структурасы,максаты жана милдеттери.БУУнун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары.БУУ эл аралык универсалдык уюм катары.БУУнун башкам эл аралык структуралар менен мамилеси.

**Негизги эл аралык уюмдар жана альянстар.**

Эл аралык валюталык фонд(МВФ) Бүткүл дүйнөлүк банк тобу(ВБ) Бүткү дүйнөлүк соода уюму.(ВТО) Экономикалык жана социалдык өнүгүү Уюму(ОЭСР)Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм(ОБСЕ) Түнлдүк Атлантикалык келишим уюму(НАТО) Шанхай кызматташуу уюму(ШОС)

**Дүйнөнүн Батыш бөлүгүндөгү интеграциялык процесстер.**

Европа континентиндеги интеграция жана анын өнүгүү этаптарпы.Маршалдын планы.Р.Шумандын сунушу.Мессин конференциясы.Европалык экономикалык коомчулуктун түзүлүшү.Америка континентиндеги интеграция.

**Дүйнөнүн Чыгыш бөлүгүндөгү интеграциялык процесстер.**

Азиаттык-Тынч океан регионундагы интеграциялык процесстер. Азия жана Тынч океан өлкөлөрүндөгү БУУнун экономикалык жана социалдык комиссиясы.Түштүк-Чыгыш өлкөлөрүнүн Ассоциациясы (АСЕАН).

**КМШ өлкөлөрүндөгү интеграциялык жана дезинтетрациялык процесстер.**

Совет соңундагы конфликтер.Экономикалык байланыштардын үзүлүшү.КМШнын түзүлүшү.КМШнын Уставы жана уюштуруучулук курамы.КМШнын алкагындагы келишимдер.Кара деңиз экономикалык кызматташтык Уюму(ОЧЭС)бажы союзу.ЕврАзЭС келишими.ГУАМ блогу.

**Борбор Азия региону азыркы эл аралык мамилелердегикалыптанып келе жаткан субъект катары.**

Региондун тарыхый-географиялык аныкталышы жана өзгөчөлүктөрү.Борбордук Азия элдеринин тарыхый-маданий каада-салттарындагы айырмачылыктар.Цивилизациялык дуализм.Этносоциалдык композиция.Борбордук Азияны модерндештирүүнүн негизги этаптары.Интеграциялык жана дезинтеграциялык факторлор.Интеграциянын варианттары жана келечеги.

**21-к.башындагы Борбордук Азия мамлекетеринин өнүгүүсүнүн тышкы саясий приоритети.**

Азыркы мезгилдеги Борбордук Азия мамлекеттеринин тышкы саясатынын трансформацияланышынын негизги тенденциялары.Казакстандын тышкы саясий стратегиясы.Таджикстандын тышкы саясатынын стратегиялык прниоритети.Түркменстан регионалдык жана дүйнөлүк процессте.Өзбекстандын тышкы саясий стратегиясы.

**Эгемендик мезгилдеги Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты.**

Кыргыз Республиксынын тышкы саясатынын калыптануусунун тарыхый-маданий жана саясий өбөлгөлөрү.Эгемен Кывргызстандын тышкы саясий курсунун калыптанышы.КРсы жана БУУнун институттары.Кыргызстан жана Бүткүл дүйнөлүк соода Уюму.

Кыргызстан жана Россия. Кыргызтан жана Америка.Кыргызстан жана Кытай.Кыргызстан жана Европалык союз. Бпашка мамлекеттер менен болгон байланыштар.

**Дүйнөлүк энергоресурстар жана БА мамлекеттеринин келечеги**

Энергоресурстарга эксперттердин баасы. Борбордук Азия регионун энергетикалык келечеги. Чет өлкөлөрдүн Борбордук Азиядагы кызыкчылыгы. Борбордук Азия регионун эффективдүү башкаруунун аспектилери.

**Дүйнө мейкиндигинде Борбордук Азия мамлекеттеринин интеграциялануу стратегиясынын келечеги.**

Дүйнөлүк интеграция процессиндеги Борбордук Азия өлкөлөрүнүн көйгөлөрү, орду жана мүмкүнчүлүктөрү.Интеграциялашуунун шарттары.Региондогу коопсуздукту камсыздоо маселеси.Экологиялык көйгөлөр жана ага каршы туруу аракеттери.

**Азыркы мезгилдеги эл аралык конфликтер жана алардын изилдениши.**

20-кылымдагы эл аралык конфликтердин өзгөчөлүктөрү.Эл аралык конфликтердин изилдениши.Конфликтердеги күч колдонулган жана күч колдонулбаган механизмдердин чени.Совет соңундагы конфликтердин өзгөчөлүктөрү.21-кылымдын башындагы ассиметриялык конфликтер.

**.Эл аралык конфликтерди жөнгө салуу ыкмалары.**

Конфликтерди тынчтык нугуна буруу маселелери.Конфликтерди тынчтык менен бүтүрүү үчүн жана алардын алдын алуу максатында БУУнун тажрыйбасын пайдалануу.Конфликтерди жөнгө салуудагы үчүнчү тарап.Ортомчулдук ыкмасын колдонуу.Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү ыкмасы конфликтерди жөнгө салунуунун жолу катары.

**.Эл аралык кыймылдар:антиглобалдык жана аялдардын, студенттердин кыймылдары.**

Дүйнөлүк глобалдаштыруу жана антиглобалдык кыймыл.Антиглобализм термини.Кыймылдын пайда болушу жана эволюциясы.Антиглобалдык кыймылдын учурдагы абалы, ишмердүүлүгү жана келечеги.

**6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары**

«Эл аралык мамилелердин тарыхы» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, серептик дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт. Бул милдетти чечүү үчүн дарстарды өтүүдө проблемалуу жана маалыматтык маселелерди коюу, маселени чечүү жодорун айтууну сунуштоо, практикадан жана иш тажрыйбадан мисалдар келтирүү, бир эле маселе боюнча ар кыл көз караштарды айтуу ыкмаларын колдонууга болот.

**6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары**

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтышат. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз, токтобой жазуу, талкуулоо. Белгилүү бир убакыттын ичинде сөздөрдү, фразаларды, өзүнчө сүйлөмдөрдү үзгүлтүксүз жазуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү. Белгилүү бир стилде чыгарма жазууга үйрөтүү болжонот.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Түрдүү булактар боюнча баяндама – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

**5-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү**

| **Семестри** | **Сабактын түрү** (Д, ПС) | **Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|---|
| 4 | Д | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 22 |
| | ПС | «Венндин» диаграммасы, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, РАФТ, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама, эки бөлүктүү күндөлүк, интервью ыкмасы. | 30 |

| | |
|---|---|
| **Жыйынтыгы:** | 52 |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 65%ды түзөт.

**7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ**

550400 – социалдык-экономикалык берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун тесттери кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

**8.1**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачёт) жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн тесттер даярдалат. Тесттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат.

**8.2. Көзөмөлдөөнүн тариздери**

Студент-бакалаврдын билимдерин, жөндөмдөрүн, кесипке ээ болуу даярдыгын көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система аркылуу окуу семестринде эки модуль кабыл алуу ишмердүүлүгүндө жүргүзүлөт.

*Күндөлүк көзөмөлдөөгө:* лекцияларга катышуу жоопкерчилиги жана лекциялардагы интерактивдүү, эксперттик иштер, семинарга катышуусу, семинардагы жигердүүлүгү, өз алдынча иштер боюнча берилген суроолорго жооп берүү, аңгемелешүү, берилген практикалык тапшырмаларды аткаруу. Ишмердүүлүк дээрлик *(окутуучу-студент жана окутуучу-студент-студент)* схемасы аркылуу аткарылат.

*Аралык көзөмөлдөөгө:* Бөлүмдүн бүтүшү менен өз алдынча контролдук иштерди аткаруу, биринчи жана экинчи модулдарды тапшыруу жыйынтыктары кирет.

*Жыйынтык көзөмөлдөөнү*: окуу планындагы семестрдин жыйынтыгы менен экзамен тапшырууда күндөлүк жана аралык көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары менен чыгарылат

**8.3.СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО**

Демек, студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн аралыктык жана күндөлүктүк болуп жүргүзүлүшү, аларга алган билимдерин системага келтирүүгө, билгичтигин бекемдөөгө, туруктуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана тартиптин сакталышына жардам берүү менен алардын билимдерин төмөндөгүдөй критерийлерде баалоого мүмкүндүк түзөт.

**Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин баалоо төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

- Күндөлүк көзөмөлдөө боюнча баалоо (сабактарда суроо берүү, контролдук иштер, презентациялар, семинардык сабактардагы активдүүлүгүн баалоо ж.б.);
- Аралык көзөмөлдөө боюнча баалоо (күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана аралык көзөмөлдөөнү жүргүзүү: оозеки же жазуу түрүндөгү тапшырмалар, тесттик тапшырмалар);

- Студенттин өз алдынча иштерин көзөмөлдөө боюнча баалоо (рефераттар, эсселер, изилдөө иштери, презентациялар, буклеттер ж.б.).

**5.1. 6-жадыбал.Студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн критерийлери (УРК) (ар бир модуль сайын)**

| № | Алган билиминин критерийлери | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн баллы (критерийлер боюнча) | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтык баллы |
|---|---|---|---|
| **1** | **Маалыматтарды так билүүсү** | | |
| | Маалыматты так билет | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты негизинен так билет | 3 | |
| | Маалыматты анча так эмес билет | 2 | |
| | Маалымат так эмес | 1 | |
| **2** | **Маалыматтарды талдоого ала билүүсү** | | |
| | Маалыматты жакшы түшүнгөнүн көрсөттү | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты анча жакшы түшүнбөгөнүн көрсөттү | 3 | |
| | Маалыматты минималдуу гана түшүнгөнүн көрсөттү | 2 | |
| | Маалыматты жеткиликтүү деңгээлде түшүнбөгөнүн көрсөттү | 1 | |
| **3** | **Терминдерди билүүсү** | | |
| | Терминдерди толугу менен туура колдонот | **4** | 1-4 |
| | Терминдердин көпчүлүгүн туура колдонот | 3 | |
| | Терминдерди минималдуу гана туура колдонот | 2 | |
| | Терминдерди туура эмес колдонот | 1 | |
| **4** | **Студенттин активдүүлүгү** | | |
| | Семинардык сабактарга активдүү катышуусу | **1** | 1-4 |
| | Сабакка келүүсү | 1 | |
| | Чыгармачылык менен ой жүгүртүүсү | 1 | |
| | Өз алдынча иштердин убагында аткарылышы | 1 | |
| | **Жыйынтык** | **18-30** | **18-30** |

**7-жадыбал. Студенттин билимин модулдук -рейтингдик көзөмөл аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| Студенттин тапшырманы аткаруудагы балдар | | Тапшырманын аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |

| | | |
|---|---|---|
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

**8-жадыбал. Студенттин өз алдынча иштерине көзөмөл жүргүзүү аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы | | Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 36-40 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин актуалдуулугу каралса, коюлган маселе боюнча ар түрдүү көз караштарга кыскача анализ берилсе жана өзүнүн көз карашын аргументүү далилдей алса, так жана даана корутундуларды чыгара алса, тема толугу менен ачылса, кошумча суроолорго толук жооп берсе коюлат. |
| 30-36 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, материалды баяндоодо так эместик байкалса, өзүнүн көз караштарында логикалык ыраттуулуктун болбошу, жазуу ишин коргоо убагында кошумча суроолорго толук жооп бере албаса коюлат. |
| 24-30 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ырааттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, аргументтүү жыйынтык чыгара албаса, жазуу ишин коргоо учурунда так жана толук жооп бере албаса коюлат. |
| 0-23 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, коюлган проблеманы түшүнбөсө коюлат. |

НМУда студенттердин билимин баалоодо 100 баллдык баалоо системасы колдонулат жана баалоонун жыйынтыктары модулдун жыйынтыктары катары AVN маалыматтык системасына киргизилет. AVN маалыматтык системасында биринчи жана экинчи модулдун жыйынтыктары кошулуп эсептелинген соң, кайрадан экиге бөлүнүп автоматтык түрдө жыйынтык балл келип чыгат.Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

**9-жадыбал. Студенттин тесттик тапшырмаларын баалоо**

| Студенттин тести аткаруудагы балдар | Тесттин аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|

| Упайлар менен | Салттуу шкалада | |
|---|---|---|
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (экзаменден) бошотулат.

**10-жадыбал. Студенттин жазуу иштерин (өз алдынча ишин) баалоо**

| Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы | | Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| Упайлар менен | Салттуу шкалада | |
| 86-100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин актуалдуулугу каралса, коюлган маселе боюнча ар түрдүү көз караштарга кыскача анализ берилсе жана өзүнүн көз карашын аргументүү далилдей алса, так жана даана корутундуларды чыгара алса, тема толугу менен ачылса, кошумча суроолорго толук жооп берсе коюлат. |
| 76-85 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, материалды баяндоодо так эместик байкалса, өзүнүн көз караштарында логикалык ыраттуулуктун болбошу, жазуу ишин коргоо убагында кошумча суроолорго толук жооп бере албаса коюлат. |
| 60-75 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ыраттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, аргументтүү жыйынтык чыгара албаса, жазуу ишин коргоо учурунда так жана толук жооп бере албаса коюлат. |
| 0-59 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, коюлган проблеманы түшүнбөсө коюлат. |

Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 11. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, такта, маркер, бор ж.б.каражаттар.

## 12. ОКУУ-УСУЛДУК КАМСЫЗДООНУН ТИЗМЕСИ

1.Бектемирова А.К., Жумабаев М.Э. Байыркы греция жана римдин тарыхы. электрондук окуу методикалык курал. –Нарын, 2010. cd.

## МОДУЛДУК СУРООЛОР